КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
СОКУЛУК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
СОКУЛУК АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
СОКУЛУКСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА
СОКУЛУКСКИЙ АИЛНЫЙ
КЕНЕШ

Жергиликтүү кеңештин ТОКТОМУ

2026-жылдын “ 23 ” июль № 16

Сокулук айылындагы эски “Дене тарбия-чыңдоо комплексин” (ипподром) имаратын бузууга (демонтаждоого) макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын 2026-жылдын 22-июлундагы №20-9270 протоколдук тапшырмасына ылайык, ошондой эле Чүй облусунун 100 жылдык маараксине карата ат оюндарын өткөрүү үчүн Сокулук айылындагы дене тарбия-чыңдоо комплексинин аймагын даярдоо, тегиздөө жана иретке келтирүү максатында, күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып,Сокулук айылдык кеңеш **Токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын 2026-жылдын 22-июлундагы №20-9270 протоколу жетекчиликке жана аткарууга алынсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу архитектура жана турак жай – коммуналдык мамлекеттик агентигинин 2023-жылдын 5-декабрындагы (ШИФР ТЗ-310/23) техникалык кортундусунун негизинде.

3. Сокулук айылдык кеңешинин депутаттарынын сессиядагы бир добуштан берген макулдугунун негизинде: Сокулук айылында жайгашкан эски “Дене тарбия-чыңдоо комплексин” (ипподром) имаратын белгиленген мыйзамдуу тартипте бузууга (демонтаждоо иштерин жүргүзүүгө) макулдук берилсин.

4. Бузула турган объектти мыйзамда белгиленген тартипте эсептен чыгаруу (списание) чараларын көрүү милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук

актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сокулук айыл өкмөт башчысы Р.Н.Иштыбаевке жүктөлсүн.

Төрага **Жумалиев Н.Н**